Педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынган

Протокол №1

«1» 09 2018-ж.

«Бекитемин»

Мектеп директору: Боркеев Э.Т.

«1» 09 2018-ж.

## Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин

## математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата иш планы.

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуулар | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-2018 -окуу жылында аткарылган иштерге анализ. Сааттарды бөлүштүрүү. | август | Администрация | Протокол | Мугалимдердин иши бааланат |
| | УБнин иш планы жана жылдык иш планын талкуулоо жана бекитүү | сентябрь | Мектеп директору ОББ | Пландар | УБ нин жетекчиси шайланат жана бекитилет. |
| | Окуучулардын китеп менен камсыз болушун тактоо. | сентябрь | Китепканачы Класс жетекчилер | Окуу китептери | Окуучулар китеп менен камсыз болушат |
| | Техникалык коопсуздук эрежелерин тааныштыруу. | сентябрь | Китепканачы Класс жетекчилер | Коопсуздук эрежелери | Техникалык коопсуздук эрежелерин билишет |
| | УБнин мүчөлөрүнүн жумалык жүктөмүн тактоо. | сентябрь | УБ жетекчиси | Базистик план | УБнин жумалык жүктөмдөрүн бөлүштүрүү |
| | "Мугалим мөмөлүү дарак" | октябрь | Тарбия бөлүмүнүн | Дубал газеталар | УБнин мүчөлөрү менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | башчысы | | мугалимдердин кечеси өткөрүлөт. |
| 7 | УБ мүчөлөрүнүн документтерин тактоо, жанылоо | октябрь | УБ жетекчиси | Документ топтоо | УБнин ишине өзгөрүү кирет |
| 3 | Таланттуу жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө планын түзүү | октябрь | УБ мугалимдери | Пландар, окуучулардын иштери, мониторинг | Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттырууга, ар тараптан аң сезимин өстүрүүгө жетишет. |
| | Ачык сабактардын графигин түзүү | октябрь | УБ мугалимдери | Предметти билүүсү жакшырат. Өз билимин өркүндөтө алат. | Окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артат |
| 0 | Чейректик жыйынтык | ноябрь | УБ мугалимдери | Мониторинг | Окуучулардын билим сапаты жыйынтыкталат жана анализделет. |
| 1 | Усулдук бирикменин жыйынтыгы | ноябрь | УБ жетекчиси | Протокол | Усулдук бирикменин чейректин ишинин жыйынтыгы чыгарылат |
| 2 | Олимпиадалык топтор менен иштөө, даярдануу , мектеп ичинде өткөрүү. | ноябрь | УБ мугалимдери | Иш план, жазма иштери | Мектеп ичинде олимпиада өткөрүлөт, жыйынтыгы чыгарылат |
| 3 | Окуучулардын мектеп китепканасында болуусун көзөмөлдөө | ноябрь | Китепканачы Мугалимдер | Адабий жана окуу китептери | Окуучунун китепке болгон кызыгуусу артат |
| 4 | 1-декабрь «СПИД»ге каршы күрөшүү күнү. | декабрь | УБ мугалимдери | Дубал гезиттер, жазма иштер, ж.б | СПИДден сактануу жана ал тууралуу билишет |
| 5 | Предметтик олимпиадага катышуу, жыйынтыгы | декабрь | УБ мугалимдери | Олимпиадалык тапшырмалар | Окуучулардын билим деңгээли текшерилет, райондук олимпиадага |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | катышуучу окуучулар аныкталат |
| 16 | Жаны Жылдык «Алтын балаты» | декабрь | Кл.жетекчилер | Сценарий | Майрамдык концерт |
| 17 | **II** чейректин жыйынтыгы, | январь | УБ мугалимдери | Протокол | 1 – жарым жылдыктын жыйынтыгы чыгарылат |
| 18 | 23-февраль "Ата Мекенди коргоо күнүнө" карата иш-чаралар | февраль | Кл. жетекчилер | Тарбиялык саттар, дубал газеталар, конкурс | Мекенди сактоого жана коргоого багыт алышат |
| 9 | Бүтүрүүчү класстарында математика сабагы боюнча экзамендик жазуу иштеринин абалы | февраль | Математика сабагынын мугалимдери | Экзамендик материалдар | Окуучулардын бүтүрүү экзаменине даярдыгы аныкталат |
| 0 | "8-март Апалардын майрамы" | март | Мугалимдер | Сценарий, көргөзмөлөр, дубал гезиттер | Аялзатынын улуугун билишет |
| 1 | "Кут болсун - Нооруз" концерттик программа | март | Мугалимдер | Сценарийлер, дубал газеталар, көргөзмө куралдар | Майрамдык кече өтөт |
| 2 | **III** чейректин жыйынтыгын чыгаруу, окуучулардын билим сапатынын мониторинги | март | УБ мугалимдери | Отчёттор | Анализ жүргүзүлөт |
| 3 | Усулдук бирикменин жыйынтыгы | март | УБ жетекчиси | Протокол | Усулдук бирикменин чейректин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | ишинин жыйынтыгы чыгарылат |
| 7-апрель "Элдик революция" боюнча ачык тарбиялык сабактарды өтүү | апрель | УБ мугалимдери | Сабактардын пландары | Сабактардын берилишине анализ |
| Жыйынтыктоочу аттестациясына даярдыктарды көрүү жана көчүрүү экзамендерине даярдыктарды көрүү жана уюштуруу | май | УБ мугалимдери | Окуу жылын аяктоо боюнча жобо | Жыйынтыктоо аттестациясына жана көчүрүү экзамендерине даярдык көрүлөт |
| Класстан – класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү | май | УБ мугалимдери | Типтүү билеттер, текшерүү иштер | Класстан – класска көчүрүлөт |
| **IV** чейректин жыйынтыгын чыгаруу, окуучулардын билим сапатынын мониторинги | июнь | УБ мугалимдери | Отчёттор | Анализ жүргүзүлөт |
| Жылдык чейректин жыйынтыгын чыгаруу | июнь | УБ мугалимдери | Отчёттор | Анализ жүргүзүлөт |
| Усулдук бирикменин 2018-2019-окуу жылынын ишин жыйынтыктоо | июнь | УБ жетекчиси | Мониторинг, анализ | Жылдын жыйынтыгы чыгарылат |
| Кийинки окуу жылга чыгармачылык иш план түзүү | июнь | УБ жетекчиси | Иш план | УБ ишине өзгөрүү кирет |

## Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата

## Талдоо

Билим берүүнүн милдеттери:

1. Окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык педагогикалык жактан жатыккан адамзатты илимий жана практикалык жетишкендиктеринин негизги өзөгүн өздөштүрүү.
2. Методикалык иштер, семинарлар, квалификацияны жогорулатуучу курстары, тажрыйба алмашуу өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу.
3. Окутуунун сапатын жогорулатуу.
4. Сабакта жана класстан тышкаркы иштерди окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү максатында заманбап педагогиканы, технологияларды колдонуу
5. Таланттуу балдар менен иштөө форматын өздөштүрүү

Багыттар:

1. Мугалимдердин изилдөө жана көйгөйлүү окутуу методдорун колдонуу
2. Натыйжалуу тестирлөө, анализдөө жана даярдоо ыкмаларын иштеп чыгуу
3. Окуучулардын жазуу жана оозеки сүйлөө сабаттуулугун жогорулатуу, сөз багытын кеңейтүү
4. Руханий, адеп-ахлактык жана жарандык мекенчилдикти ар тараптан өздөштүрүүгө көмөктөшүү
5. Сабактан жана класстан тышкары иштердин ар кандай түрлөрүнө катышуу, конкурстарды,предметик жумуштарды,кечелерди өткөрүү аркылуу гуманитардык циклдик предметтеринин окууга мотивациясын талдоо .
6. Ачык сабактарга барууну талдоо.
7. Мугалимдердин ишмердүүлүгүн изилдөө, методикалык жардам көрсөтүү.
8. Педагогикалык ишмердүүлүктүн өркүндөтүүгө

Күтүлүүчү натыйжалар

1) Билим сапатын жолгорулатуу
2) [illegible]

3) Мамлекеттик стандартка ылайык сабактарды окуутуну өздөштүрүү

Максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууну формалары

-методикалык семинарлар

-усулдук жумалыктар

-өз ара сабактарга катышуу

-мастер класстар

-тегерек столдор

-ачык сабактарга жана класстан тышкаркы иш чаралар.

## Математикалык-эстетикалык

## усулдук бирикмесинин мугалимдеринин курамы

1. Дыйканбаев К.Ж.- тарых
2. Турарова Р.-алгебра, геометрия
3. Тойтуева З.Ж.- химия, биология
4. Жолдошева Ф.М.- география
5. Босумбаева М.М.-информатика
6. Жумашова М.С.-математика
7. Абдылдаева Р.С.-физика

Камчибек Шакиров атындагы орто мектебинин математикалык-эстетикалык усулдук бирикмесинин мүчөлөрү 2018-2019-окуу жылы үчүн жылдык жана айлык иш чараларын түзүшкөн. Планда көрсөтүлгөн иштер өз убагында аткарылган. Ар бир айда берилген, каралган масалелерди талкуулашат.

Камчибек Шакиров атындагы орто мектептин 2018-2019-окуу жылында физика, химия, биология, математика, тарых, география сабактарынын жылдык талдоосу

Усулдук бирикменин окуу жылынын башында бекитилген план боюнча иштеди. Сабактар календарлык планда көрсөтүлгөн убагында өтүлдү. Бардык класстарда чейректик, административдик текшерүү иш алынып,ошонун негизинде ар бир окуучуга мониторинг түзүлдү.

Математика сабагы боюнча бардык класстарда №1, №2, тест, текшерүү иш дептерлери өз убагында текшерилген.

Физика сабагы боюнча көнүгүү иштөө, тест, лабораториялык иш дептерлери бар. Убагында текшерилип, баалары журналга түшүрүлгөн.

Химия жана биология сабактар боюнча жумушчу деептерлер уюштурулган ,лабараториялык жана практикалык иш дептер,көнүгүү иштөө жана текшерүү иш жазылган дептерлер түзүлуп ,бардыгына баалар коюлуп,журналга түшүрүлгөн.Биология предметинен окуучулардын өз жолдору менен жасалган бир клеткалуу жандыктардын макеттери түзүлгөн.

География предмети боюнча дагы практикалык иш дептерлер уюштурулуп,көрсөтмө куралдар жасалып коюлган. Ал эми билим сапатына кайрыла турган болсок, 2018-2019-окуу жылынын физика, химия, биология, математика, тарых, география сабактарынын жылдык жыйынтыгы

Усулдук бирикме окуу жылынын башында бекитилген план боюнча иштеди. Сабактар календарлык планда көрсөтүлгөн убагында өтүлдү. Бардык класстарда чейректик, административдикн 4-чейректин жыйынтыгында математика сабагынын билим сапатын салыштырганда төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болду:

6а,6б,7,8,9,10а,10б,11 класстарга алгебра сабагынан Турарова Раткан берет. 6а-класста 4-чейректе бардыгы 18 окуучу окуйт. 4-чейректе билим сапатынын көрсөткүчү 22%ти түзүп,жылдык көрсөткүчүндө 39%. Себеби, окуучулар өтүлгөн материалды өздөштүрө алышты. Ар кандай көнүгүүлөрдү, маселелерди чыгара алып жатышты. Чейрек ичинде эки текшерүү иш, бир тест жазышкан. Класс жалпысынан аракетчил. 6б-класста көрсөткүч 25%тен 36 % ке өскөн. Себеби, класста аракетчил балдар көп, үй тапшырманы толук аткарганча аракет кылышат. Класста эң жакшы "окуган эки кыз бар". 7-класста бардыгы 29 окуучу бар. 4-чейректе 32% көрсөткүч болсо ал өзгөрүүсүз калган. Окуучулар өздөрү ар кандай кызыктуу материалдарды даярдап жасашкан. Кошумча иштөө дептерлерине мисалдарды иштеп келип жатышкан.8-класста бардыгы 27 окуучу 4-чейректе билим сапаты 17% болсо, жыл аягында 19% болгон. Жыл ичинде көбөйтүндүдөн квадраттык тамыр, бөлчөктөн квадраттык тамыр, квадраттык теңдеме жана квадраттык теңдемеге келтирилүүчү, теңдемелер деген темалар өтүлгөн . Илим жана техника жумалыгында өткөрүлгөн ачык сабактарга моделдерди жасоодо активдүү катышышты. Квадраттык теңдемени чыгарууда, бүтүн көрсөткүчтүү даражаны эсептөөдө абдан кыйналышты. Тамгалар менен амалдарды аткарууда бир топ кыйынчылык жаралды 9-класста 28 окуучу окуйт. Билим сапаты 30%түзүп, өзгөрүү болгон жок. Класстагы окуучулардын сабакка көңүл бурушу жакшы. Алгебра жана геометрия боюнча

бурчтун формулалары, рационалдык көрсөткүчтүү даражалар темалары өтүлдү. Класста аракетчил балдар аз. Берилген тапшырманы убагында аткарганга аракет кылышат. Жумасына бир саат таланттуу окуучулар менен иш алынып барылат жана бир саат мамлекеттик экзаменге даярдоо сабагы өтүлөт. 10а-класста 14окуучу окуйт. 4-чейректе көрсөткүч 54% ти түзсө, жылдык жыйынтык боюнча 46% болду. Көрсөткүч-8% болду. Көрсөткүч төмөн болгонунун себеби, класстагы жакшы окуган бир окуучу төмөнкү көрсөткүчтү бергени болду. Жалпысынан алганда класстагы окуучулар сабака аз көңүл бурушат 4-чейректе функцияны изилдөөдө туундунун колдонулуштарына мисалдар, функциянын эң чоң жана эң кичине маанилери темалары өтүлдү. Окуучуларда темаларды түшүндүрүүдө кыйынчылыктар болду. 10б-класста көрсөткүч 38% болгон. Жыл жыйынтыгында дагы өзгөрүүлөр жок. 11-класста 13 окуучу бар. 4-чейректе көрсөткүчтүү теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чыгаруу, логарифмалар, логарифмалык теңдемелер жана барабарсыздыктар, логарифмалык функциянын туундусу,анык сандар, алгебралык туюнтмаларды өзгөртүп түзүү жана башка окуучуларга кеңири түшүнүк берилди. Кошумча сабактарды өтүү, өз алдынча иштөө, жалпы республикалык тестке даярдануу аркылуу жетишкендике жете алышты.

Мугалимге сунушталат:

1.Сабакты жаңы технологияларды колдонуу менен өтүү.

2.Өз тажрыйбасын туура колдоно билүү

3.Таланттуу окуучулар менен иш алып баруу .

4.Окууда жетишпеген окуучулар менен иштөө .

5.Бааларды нормага ылайык коюу.

6.Математика сабагы боюнча окуучуларды ЖРТке даярдоо

7.Таланттуу жана аяр мамилеге муктаж окуучулар менен кошумча сабак өтүү .

8.Окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн жогорулатуу максатында сабакта ар кандай интерактивдүү ыкмаларды көбүрөөк колдонуу.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Тойтуева З.Ж.